# КЫРГЫЗ ТИЛИ

**(окутуу орус, өзбек, тажик тилинде жүргүзүлгөн мектептер үчүн)**

## 5-класс №1-вариант

**№1. Салыштырма даражадагы сын атооч сөздү белгиле.**
а) капкара б) каралжын в) кара г) карараак

**№2. Мезгил менен байланышкан катыштык сын атоочту белгиле.**
а) кечки суук, түшкү ысык
б) темир дарбаза, жыгач күрөк
в) айылдык жигит, чүйлүк кыз
г) эне мээрими, атанын ачуусу

**№3. Сүйлөмдөгү сын атоочторду белгиле.**
**Биздин мектеп чоң, таза жана кооз.**
а) биздин, мектеп, чоң
б) мектеп, чоң, жана
в) чоң, жана, биздин
г) чоң, таза, кооз

**№4. Берилген сын атооч сөздөрдүн даражасын белгиле.**
**Жакшыраак, катуураак, түзүрөөк.**
а) жай даража
б) күчөтмө даража
в) салыштырма даража
г) эркин даража

**№5. Сапаттык сын атооч катышкан сүйлөмдү белгиле.**
а) Ырас, бул жакшы жөрөлгө эмес.
б) Шаардык окуучулардын командасы келиш керек.
в) Көргөзмөгө ушул буюмдарыбызды алып барабыз.
г) Тиги бала – Омордун кенжеси.

**№6. Суроого туура жооп бер.**
**– Кечиресиз, саат канча болду?**
**–... (7.30).**
а) Жетинчи отуз б) Жети отузга в) Жети отуз г) Жети отузунчу

**№7. Чамалама сан атоочтордун тизмегин белгиле.**
а) экинчи, жыйырманчы, үчүнчү
б) алтымыш, жетимиш, токсон
в) төрт миң, он тогуз, беш жүз
г) жүздөй, элүүчө, отузга жакын

**№ 8. Көптүк санда турган зат атоочторду белгиле.**
а) окуучулар, кыздар
б) топ, ойно, гүлдөр
в) малдар, машина
г) коён, газета, үйлөр

**№ 9. Так эсепти көрсөткөн санды белгиле.**
а) үчүнчүбү б) үч в) үчтөй г) үч чамасында

**№ 10. Белгиленген сөз … .**
**Манастын <u>кырк</u> чоросу болгон.**
а) сан атооч б) сын атооч в) этиш г) зат атооч